**"БЕКИТЕМИН"**
БатМУнун ректору, э.и.д., профессор
А.Т. Ғызов _______________
"___" ______________ 2024-ж.

**Баткен мамлекеттик университетинин Башкы мекемесинин Социалдык-экономикалык жана укук кафедрасы жана Кызыл-Кыя гуманитардык педагогикалык институтунун Кыргыз тили жана тарых кафедрасы менен биргеликте өткөргөн отурумунун**

**№ 2 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ**

**Баткен шаары, 15-февраль 2024-жыл**

**Кеңейтилген жыйындын төрагасы**: Бердиев А. Т. – тарых илимдеринин кандидаты;

**Кеңейтилген жыйындын катчысы**: Халилова Т. – педагогика илимдеринин кандидаты;

Кеңейтилген жыйын оффлайн жана онлайн түрүндө өттү.

**Катышкандар:**

1. Нурунбетов Б. А. – тарых илимдеринин доктору (07.00.02), профессор;
2. Каратаев О. К. – тарых илимдеринин доктору (07.00.02), профессор;
3. Кадыров А. А. –тарых илимдеринин кандидаты (07.00.02), доцент;
4. Бердиев А.Т. –тарых илимдеринин кандидаты (07.00.02), доцент:
5. Абдикеримов А. Ш. –тарых илимдеринин кандидаты (07.00.02), доцент;
6. Курбонов А. Д. – тарых илимдеринин кандидаты (07.00.02), доцент;
7. Ураимов Ш. У. –тарых илимдеринин кандидаты (07.00.02), доцент;
8. Айдарова М. Д. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.01), доцент;
9. Азимбаев Б. – педагогика илимдеринин кандидаты(13.00.01);
10. Эргешали кызы Айчүрөк– педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.01);
11. Халилова Т. – педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.01).

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

1. Таиров Хайриддин Рахманалиевичдин "Кадамжай районунун тарыхы" деген темасында 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо.

Илимий жетекчиси: тарых илимдеринин доктору, профессор Каратаев Олжобай Кубатбекович

**Төрага:** күн тартибиндеги маселе бүгүн сиздердин алдыңыздарга изденүүчү Х. Р. Таировдун илимий диссертациялык иши талкууга коюлуп жатат. Тема БатМУнун КГПИнин Окумуштуулар Кеңешинин 2007-жылдын 28-сентябрындагы № 1 протоколу менен бекитилген, илимий иштин темасы: «Кадамжай районун тарыхы». Изденүүчү Х. Р. Таиров акыркы 14-15 жылдан бери аталган диссертация боюнча иштеп жатат. Диссертанттын 9 макалаласы илимий жыйнактарда чагылдырылган. Диссертациялык иш менен баарыңыздар таанышып чыккансыздар, анткени, эки жума мурда иш окуп чыгуу үчүн кафедрага берилген. Талкууну баштар алдында диссертантка сөз беребиз.

**Таиров Х. Р.:** мен бул илимий теманын үстүнөн 2007-жылдан бери иштеп келе жатамын. Илимий ишимдин темасы: «Кадамжай районун тарыхы», илимий жетекчи – тарых илимдеринин доктору, профессор О. К. Каратаев. Диссертациялык иш кириш сөздөн, төрт бөлүмдөн, он эки параграфтан, корутундудан, адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

Диссертациялык иш өлкөбүздүн түштүгүндөгү ири өнөр жайлуу райондун бири Кадамжай районун өнүгүүсүнө арналып, илимий иштин алкагында анын актуалдуулугу, изилденүү деңгээли, тарыхый булактары аныкталды. Изилдөөнүн объектиси жана предмети, диссертациялык иштин максаты жана милдеттери белгиленди, илимий иште сымап, сурма өндүрүүнүн пайда болушу менен бирге анын Кеңеш доорундагы өнүгүүсү, өндүрүштүн райондун коомдук-саясий турмушуна жана калктын социалдык абалына тийгизген таасирлери астында бул аймакта сымап, сурма өндүрүүнүн башталышы менен бирге өнөр жай ишканасынын, жергиликтүү жумушчу табынын калыптанышы, саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсү ар тараптан изилдөөгө алынды. Кадамжай районунун тарыхы боюнча буга чейинки изилдөөлөр, алардын изилдөө методологиясы, ошону менен бирге хронологиялык чеги, шаар таануу багытындагы изилдөөлөрдүн алкагында жана андан тышкары райондун калыптануусуна, тарыхына, изилденүү денгээлине талдоо жүргүзүлдү.

Кеңеш бийлиги мезгилиндеги административдик-аймактык өзгөрүүлөр. Кадамжай район макамын кабыл алуусу, ошондой эле Улуу Ата Мекендик согуш

жана андан кийинки абал, шаардын социалисттик коом мезгилиндеги жетишкендиктери талдоого алынды.

Кадамжай району 1938-жылы район макамына ээ болуп, XX к. 60-70-жж. Кыргызстандын түштүгүндөгү ири өнөр жайлуу, инфратүзүмү, маданияты өнүккөн, калктуу райондордун бирине айлангандыгына анализ берилди.

Соңку мезгилде Кыргызстандын тарых илиминде "аймак таануу" илимий маселелери күч алып, аны изилдөө аракеттери жаңы илимий баскычтарга көтөрүлүп жатат. Ошондуктан, Кадамжай районунун Кеңеш доорундагы социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүн изилдөө жана ага илимий жактан анализ берип, тиешелүү жыйынтык чыгаруу актуалдуу болуп саналат.

Урматтуу окумуштуулар, кесиптештер менин диссертациялык ишим менен таанышып чыккансыздар. Ага байланыштуу сын-пикирлериңиздерди, ой-сунуштарыңыздарды айтып, ачык коргоого сунуштап берүүңүздөрдү өтүнөм.

**Төрага:** Урматтуу катышуучулар изденүүчүгө суроолор болсо берсеңиздер.

**Изденүүчүгө төмөндөгүдөй суроолор берилди:**

**Абдыкеримов А. Ш.:** Кадамжай районунун изилдөөнүн негизин кандай материалдар түздү?

**Таиров Х. Р.:** Биздин илимий ишбиздин негизин шаар таануу багытындагы тарыхый маалыматтарды камтыган адабияттар, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен алынган материалдар жана алардын көчүрмөлөрү, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин расмий сайтынан алынган сандык мааламаттар, Саясий документтердин Борбордук архивинен, Ош, Баткен областык, Кадамжай райондук мамлекеттик архивдеринен, Кадамжай райондук тарых музейинен, Баткен областык жана райондук статистика комитеттеринен, Кадамжай районунун админстрациясынын өздүк архиви, райондун тарыхы, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсү жөнүндө мезгилдүү басмадан, интернет сайттардан алынган материалдар түздү.

**Курбонов А. Д.:** Кадамжай аймагындагы кендердин Борбордук Азия өлкөлөрүнүн экономикасына, калкынын социалдык абалына тийгизген таасирлери кандай?

**Таиров Х. Р.:** Кадамжай району Фергана өрөөнүндө жайгашкан жана андагы жол катнашы, темир жолу, телефон, электр энергиясы да ушул чөлкөм менен тикеден-тике байланышкан. Экинчиден, СССРдин курамындагы өлкөлөрдөгү завод, фабрикаларды, сурма, сымап менен камсыздоо негизги маселе болгон. Оор-өнөр жай ишканаларына, калкка ж.б. тараптарга жеткирүү, алардан керектүү шаймандарды, жабдыктарды алуу менен бардык тараптын тең муктаждыктарын канааттандыруу аркылуу социалдык-экономикалык маселелер ийгиликтүү чечилген. Кадр маселеси, кенге керектүү жумушчулар башка

республикалардан да тартылып турган. Ошондуктан, Кадамжай деген сөз да тегин жерден айтылбаса керек.

**Ураимов Ш. У.:** Кадамжайдагы кендердин запасы жана аны пайдалануунун перспективалык пландары жөнүндө кандай маалыматтар изилденди?

**Таиров Х. Р.:** Мамлекеттик баланста эсепке алынган 7 сурьма жана комплекстүү сымап-сурьма-флюорит кендеринде сурьманын чалгындалган запастары 15,5 миллион тонна руданы жана 264 миң тонна сурьманы түзөт. Бирок, кендердин сапаты дүйнөдө иштетилип жаткан кендерге салыштырмалуу төмөн. Акыркы жылдарда сурьма казып алуу дээрлик жок. Кадамжай комбинатынын металлургиялык комбинатында металл сурьманы жана анын кошулмаларын өндүрүү акыркы жылдарда Россиядан, Казакстандан сырьёлордун келип түшүүсүнүн эсебинен камсыздалган.

Кадамжай кени. Чалгындалган запастары 3,0 млн. тонна руданы жана 77,6 миң тонна сурьманы түзөт, орточо камтылышы 2,6%. Кенде руда өндүрүү 1997-жылдагы 108 миң тоннадан 2000-жылы 42 миң тоннага чейин азайып, акыркы жылдары иш жүзүндө токтоп калган. 2020-жылдан баштап түрк инвесторлору отвалды кайра иштетип жатышат.

Терек кени. Адиттик казып алуу учун сульфид рудаларынын запастары түзүлгөнгөн. Кен казуу жана кычкылданган рудалар үчүн сульфид рудаларынын запастары 601,1 миң тонна руданы жана 3,8% орточо камтылышы менен 22,8 миң тонна сурьманы түзөт.

Кассан кени. Терек-Сай кенинен 10 км алыстыкта жайгашкан. Чалгындалган запастары 1123 миң тонна руданы жана 39,1 миң тонна сурьманы түзөт, анын орточо мазмуну 3,48%. Мышьяк – рудадагы зыяндуу аралашма. Курамында мышьяк бар концентратты кайра иштетүүнүн технологиясы жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан эмес.

**Азимбаев Б.**: Борбордук Азиядагы ири окуялар – Совет бийлигине каршы аракеттер, басмачылык кыймылдар Фергана өрөөнүндө т.а. Кадамжай районунун айланасында болуп өткөн, ушул маселе диссертациялык иште камтылдыбы?

**Таиров Х. Р.:** Албетте, Совет доорун изилдөөдө бул маселени кыйгап өтүү мүмкүн эмес. Айдаркен кенин басып алуу боюнча аракеттер күч болгондуктан, шахтерлор колдоруна курал алып, шахтаны кайтарууга алышкан жана Кызыл Аскерлерге да олуттуу, ар тараптуу колдоо көрсөтүшкөн.

**Төрага:** суроо – жооп бүттү. Талкууга өтөлү. Диссертациялык иш боюнча окумуштуулардын, окутуучуларыбыздын сунуш пикирлерин уксак.

**Курбонов А. Д.:** Хайриддин Рахманалиевичтин диссертациялык ишин окуп чыгып, төмөнкүдөй жыйынтыкка келдим.

- тема бүгүнкү күндөгү Ата мекен тарыхынын чөлкөм таануу багытындагы актуалдуу маселелерге арналган. Анын структурасы туура түзүлгөн;

- теманын актуалдуулугу тийиштүү деңгээлде ачылып берилген;

- илимий иштин теориялык изилденүү жана жазылуу деңгээли талапка жооп берет;

- изилдөөнүн натыйжасында автор тарабынан чыгарылган тыянактар жана сунуштар туура, алар илимий иштин теориялык жана практикалык маанисин толуктап турат;

- Кыргыз Республикасынын Борбордук, областтык мамлекеттик архивдеринен жана мезгилдүү маалымат каражаттарынан алынган маалыматтар диссертациялык ишке жаңылык киргизип, анын практикалык маанисин арттырып турат.

Ошондуктан, айрым грамматикалык-стилистикалык каталарды оңдоо менен атайын кеңешке ачык коргоого сунуштаймын.

**Кадыров А. Т.:** Кадамжай районунун тарыхы диссертациялык иш катары изилдениши Ата мекен тарыхын чөлкөмдөрдүн тарыхы аркылуу толуктоого, тактоого кеңири мүмкүнчүлүк жаратат, экинчиден, Кадамжай району сыяктуу кен казуунун пайда болушу менен бирге Ата мекен тарыхында алгачкы ирет жергиликтүү жумушчу табы пайда болгон. Аймактардын тарыхын изилдөө боюнча бизде дагы көп нерселер али кол тийбестен турат. Айрыкча, Фергана өрөөнүндө болуп өткөн бир канча маанилүү, саясий ири окуялардын көпчүлүгү, анын ичинде Кеңеш дооруна байланыштуу маселелер тарыхыбыз менен тыгыз байланыштуу. Ошондуктан, бул тема абдан актуалдуу. Мен диссертантка ийгилик каалоо менен жогорудагы сунушту колдоймун.

**Нурунбетов Б. А.:** диссертант тарабынан аймак таануу маселесинин алкагында Кадамжай районунун тарыхынын изилдениши актуалдуу маселе деп ойлоймун. Диссертант райондун саясий, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүн чагылдырууда көп изилдөөлөрдү жүргүзүп, бир топ эмгек кылгандыгы ачык көрүнүп турат. Ар бир тармакты изилдөөдө андагы инсандардын ишмердүүлүгүн ачып берүү да маанилүү. Сымап, сурма кенинде жигердүү эмгектенген шахтерлордун арасынан эмгектин баатырлары, депутаттар эле чыгып калбастан, мамлекетти башкарган, тагыраак айтканда Абсамат Масалиев, Төрөбай Кулатов сыяктуу жетекчилердин чыгышы Совет коомуна таандык. Мына ошондуктан, Кыргыз тарыхында мамлекеттүүлүк үчүн кан-жанын аябаган атактуу инсандар арбын. Алардын жеке ишмердүүлүгү менен кошо алар жашаган коомдун өзгөчөлүктөрүн, жеке адамгерчилик сапаттарынын алгылыктуу жактарын жаштарга үйрөтүү биздин ыйык парзыбыз. Диссертантка ийгилик каалаймын.

**Бердиев А. Т.:** Кадамжай районунун жашоочусу, тарыхчы катары өз пикиримди билдирип коёюн. Бүгүнкү талкууга коюлуп жаткан диссертациялык иштин темасы биздин пикирибиз боюнча өтө актуалдуу. Ушул чөлкөмдүн көйгөйлөрүн чече ала турган илимий иш катары баалайбыз жана ал биз жашап жаткан аймакты өнүктүрүүгө салымын кошот деген пикирдебиз. Илимий ишти диссертациялык кеңеште коргоо сунушун колдоймун.

**Тайиров М. М.:**Мен так илимдердин адиси катары өз пикиримди билдирип коёюн. Азыркы өтө тездик менен өнүгүп жаткан коомдо энергетикалык маселелердин абдан курч бойдон калуусу мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналат. Анткени, жаратылыш ресурстарын пайдалануу мүмкүнчүлүгү барган сайын бир топ тоскоолдуктарга, катаклизмаларга учурап жатат. Ошол эле мезгилде алардын корунун барган сайын азайышы күтүлөт. Ошондуктан, сурма, сымап кендеринин тарыхын изилдөө маселеси абдан маанилүү. Сиздин мындан аркы илимий изилдөөлөрдө мына ушул маселеге да көнүл буруунуздү өтүнөмүн. Ийгилик каалаймын.

**Каратаев О. К.:** Диссертанттын илимий ишинин талкуусуна катышып, ой-пикирлерди айтканыңыздар үчүн ыраазычылык билдиремин. Албетте, сиздердин сунуш, пикириңиздер эске алынат жана илимий иштин мазмунун дагы да артырууга өбөлгө болот деп ойлоймун. Ошондой эле бул илимий иш диссертант тарабынан бир нече жылдан бери изилденип келе жатат. Аталган тема бекитилген учурда Ата Мекен тарыхынын эгемендүүлүк мезгили камтылбай калган болчу аны биз толуктоону пландоодобуз, биз аны толуктоо максатында дагы үч параграфтан турган бир бөлүмдү кошумчалай турганыбызды билдирип кетемин. Аны менен аталаган тема дагы жаңы маалыматтар, жаңы изилдөөлөр менен толукталат.

Талкууга А. Ш. Абдыкеримов, Б. Азимбаев, А. А. Саматова, М. Д. Айдарова, А. Ш. Мурзалиева сунушту колдоо боюнча өз пикирлерин билдиришти.

**Төрага:** Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин “Кадамжай районунун тарыхы” деген темасындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүмдү кабыл алуунуу добушка коем.

“Макул” – баары, бир добуштан кабыл алынды.

Баткен мамлекеттик университетинин Социалдык экономикалык билим берүү жана укук жана Кызыл-Кыя гуманитардык педагогикалык институтунун Кыргыз тили жана тарых кафедрасынын кеңейтилген отурумунун Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин “Кадамжай районунун тарыхы” деген темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча

**БҮТҮМҮ**

1. ***Диссертацияда берилген жыйынтыктарды алуудагы изиденүүчүнүн катышуусу.*** Диссертациялык иш автордун түздөн-түз катышуусу менен аткарылган,изилдөө иштери Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинен алынган материалдардын жана алардын көчүрмөлөрүнүн, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинен алынган сандык маалыматтардын, Саясий документтердин Борбордук архивинен, Ош областык, Баткен областык, Кадамжай райондук мамлекеттик архивдерин, Кадамжай райондук тарых музейинин Баткен областык жана Кадамжай райондук статистика комитеттеринен, райондун тарыхы, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсү жөнүндө мезгилдүү басма сөздөн, интернет сайттардан алынган материалдар анализделген.

**2.** ***Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси.*** Илимий иш Кыргыз тарыхы илиминде шаарлардын жана аймактардын жана жалпы Ата Мекен тарыхын толуктоого, тактоого, мүмкүндук берет. Диссертациялык иштеги конкреттүү материалдар адистерди, билим берүү, маданий мекемелердин кызматкерлерин, Ата Мекендин тарыхына кызыккан кеңири окурмандар чөйрөсүн кайдыгер калтырбайт. Изилдөөнүн жыйынтыктары жана андагы тыянактар илимий-педагогикалык багытта аймак таануу курстарында,кыргыз тарыхынын айрым бөлүктөрүндө колдонулушу мүмкүн жана ал аймактарды өнүктүрүү стратегиясына арналган документтерде пайдалануусу мүмкүн.

**3.** ***Изилдөөнүн илимий баалуулугу.***

Диссертациялык иште Кадамжай районунун Кеңеш доорундагы жана эгемендүүлүктүн алгачкы жыйырма жылдыгындагы тарыхый өнүгүүсүнө изилдөөгө алынган. Кыргыз тарыхнаамасында чөлкөм таануу проблемасында издөөчүү тарабынан көтөрүлгөн Кадамжай районунун тарыхы комлекстүү өз алдынча изилдөөнүн объектиси болгон эмес.

Диссертациянын материалдарындагы камтылган илимий жоболор, көз караштар жана изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын тарыхы боюнча изилдөө иштеринде, тарых жана аймак таануу багытындагы курсттарды иштеп чыгууда кеңири колдонууга сунушталат.

**4.** ***Диссертациялык иштин адистикке дал келиши.***

Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин “Кадамжай районунун тарыхы” деген темасындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын

изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясы 07.00.02-Ата Мекен тарыхы адистигине дал келет.

**5. Диссертациянын жыйынтыктары басмаларда жарык көрүшү.** Диссертациянын негизги материалдары 9 илимий макалада жарык көргөн.

Жыйынтыктап айтканда,аталган диссертациялык иште Кадамжай районунун тарыхын, Кеңеш бийлиги реалдуу шарттарыни талдоого алган алгачкы илимий талаптарга ылайык жазылган диссертациялык иш болуп саналат. Кадамжай районунун тарыхын изилдөө жалпы өлкөнүн тарыхын толук чагылдырууга мүмкүндүк берет. Ошондуктан,бул шаарды ар тараптуу изилдөө менен анын тарыхын гана эмес,келечек перспективасын аныктоого мүмкүндүк болот.

Баткен мамлекеттик университетинин Башкы мекемесинин Социалдык-экономикалык жана укук кафедрасы жана Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Кыргыз тили жана тарых кафедрасы менен кеңейтилген отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Таиров Хайриддин Рахманалиевичдин “Кадамжай районунун тарыхы” деген темасындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы боюнча бүтүм бекитилсин.

2. Таиров Хайриддин Рахманалиевичтин “Кадамжай районунун тарыхы” деген темасындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясы 07.00.02 – Ата Мекен тарых адистиги боюнча коргоого сунушталсын.

2. “Кадамжай районунун тарыхы” деген темасындагы кандидаттык диссертация боюнча 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча кошумча кандидаттык программа бекитилсин.

Төрага,
т.и.к., доцент — Бердиев. А. Т.

Отурумдун катчысы,
п.и.к., доцент — Халилова Т.

КАДРЛАР ДЕПАРТАМЕНТИ